**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**АЛАМҮДҮН РАЙОНУ**
**АРАШАН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН**
**АРАШАНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Бириккен Арашан айылдык кеңешинин**
**I-чакырылышы**

**Таш-Дөбө а.** **21-ноябрь 2025 ж.**

# ТОКТОМ №63

**«Жергиликтүү бюджеттен акча каражаттарын бөлүү жөнүндө»**

Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевдин Арашан айыл аймагындагы социалдык чөйрөнү өнүктүрүү жана чечүү маселелери жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 1-мартындагы №103 Долбоорлорду тандоо жана дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоо жөнүндө жобону жана Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускаманы бекитүү тууралуу токтомунун негизинде, Арашан айылдык кеңешинин сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

2025-жылга дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын конкурстарына катышуу үчүн долбоорду бекитүү жана жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүүгө уруксат берилсин:

1. “Арашан айыл аймагынын Арашан, Бер-Булак жана С.Чокморов айылында жайгашкан көчөлөрдү жарыктандыруу үчүн долбоорунун баасы 4500000 (Төрт миллион беш жүз миң) сом, өздүк салым 1125000 (Бир миллион жүз жыйырма беш миң) сом;

2. Айыл өкмөтүнүн башчысы дем берүүчү (үлүштүк) гранттардан каржылануучу долбоордук табыштамалардын конкурсуна катышуу үчүн документтер даярдалсын жана жөнөтүлсүн жана аларды 2025-жылга бюджетти түзүүдө эске алсын;

3. Дем берүүчү (үлүштүк) гранттар тарабынан каржылануучу «Арашан айыл аймагынын Арашан, Бер-Булак жана С.Чокморов айылында жайгашкан көчөнүн жарыктандыруу үчүн» долбооруна табыштама бекитилсин;

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.К. Калыков**